**Абиба Юнусалиева, Айсулуу Тойчубаева**

# ЭНЕ ТИЛИ

**Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 1-класстары үчүн окуу китеби**

9-басылышы

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*



ТАШКЕНТ — «O‘ZBEKISTON» — 2019

http://eduportal.uz

УЎК 821.512.154(075)
372.881.1
КБК 81.2 Кир-9
Т 49

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

Рецензенттер:

**Н. Алисултанова** — Андижан мамлекеттик университетинин ага окутуучусу;
**А. Худайкулова** — Наманган облусу, Жаңыкоргон районундагы 35-мектептин башталгыч класс мугалими.

## Шарттуу белгилер:

 — Суроо жана тапшырмалар

 — Үйгө тапшырма

 — Сабактын аягы

Кымбаттуу окуучу! Мына бүгүндөн баштап сен тамгаларды туура жазууну, алардан сөз, сүйлөм түзүүнү үйрөнөсүң. Ошону менен бирге тыбыштык талдоону, көнүгүүнү эреженин негизинде иштөөнү дагы да кененирээк үйрөнөсүң. Эне тилиңдин түркүн-түркүн сырларын ачууга кадам таштайсың. Ар дайым китеп менен дос бол. Өз эне тилиңди сүй, кадырла, эне тилиңде таза сүйлө.

Ата-энеңдин, мугалимиңдин, Ата Мекениңдин ишеничин актоого аракет жаса. Сенден келечекте биздин үмүтүбүз чоң.

Бул түгөнбөгөн илим жолунда сени көптөгөн ийгиликтер коштосун.

ISBN 978-9943-01-043-7

© А. Юнусалиева ж.б., 2019
© «O‘ZBEKISTON» БПЧҮ, 2011–2019

http://eduportal.uz



# АППАК КАР

Эртең менен карасак,
Жаап жатат аппак кар.
Акка боёп баратат,
Адыр-түздү каптар кар.

Сыртка чыгып талпынып,
Жаш кар кечип мулуңдап.
Изибизди калтырып,
Ойноп жүрдүк чурулдап.

Сооронбай Жусуев



http://eduportal.uz

# 1-сабак.
# КЫРГЫЗ АЛФАВИТИ

## Эске сакта!

Кыргыз алфавити 36 тамгадан турат.

| Басма түрү | Жазма түрү | Айтылышы | Басма түрү | Жазма түрү | Айтылышы |
|---|---|---|---|---|---|
| А а | Аа | а | П п | Пп | пе |
| Б б | Бб | бе | Р р | Рр | эр |
| В в | Вв | ве | С с | Сс | эс |
| Г г | Гг | ге | Т т | Тт | те |
| Д д | Дд | де | У у | Уу | у |
| Е е | Ее | е | Ү ү | Үү | ү |
| Ё ё | Ёё | йо | Ф ф | Фф | эф |
| Ж ж | Жж | же | Х х | Хх | ха |
| З з | Зз | зе | Ц ц | Цц | це |
| И и | Ии | и | Ч ч | Чч | че |
| Й й | Йй | ый, ий | Ш ш | Шш | ша |
| К к | Кк | ка | Щ щ | Щщ | ща |
| Л л | Лл | эл | ь | ь | ичкертүү белгиси |
| М м | Мм | эм | Ы ы | Ыы | ы |
| Н н | Нн | эн | ъ | ъ | ажыратуу белгиси |
| ң | ң | эң | Э э | Ээ | э |
| О о | Оо | о | Ю ю | Юю | йу |
| Ө ө | Өө | ө | Я я | Яя | йа |

http://eduportal.uz

Алфавит грек тилинин **альфа** жана **бета** деген эки тамгасынын аталышынан алынган.

**1-көнүгүү.** Класстагы балдар, кыздардын аттарын алфавиттик тартип менен жазып чык.

Ү л г ү: Айзирек, Бектур.....

**2-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү алфавиттик тартип боюнча жаз.

Балык, деңиз, гүл, өрдөк, сүт, мектеп, вагон, ёлка, чана, асман, жылкы, ит, кат, нан, орок.

**3-көнүгүү.** Түшүп калган тамганы таап, сөздү толуктап жаз.

М.кт.п, чы.ак, ок..чу, Мээ.им, к.ргыз, ку.ура, а.а.



**4-көнүгүү.** Сүрөттөгү нерселердин аттарын таап, алфавиттик тартип боюнча жаз.



http://eduportal.uz

# 2-сабак.

# МАШЫГУУ САБАГЫ

**5-көнүгүү.** Макалдарды толуктап жаз.

Гүл өссө ......көркү,
Кыз өссө.......көркү.

*(жердин, үйдүн)*

**6-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү жазып ал. Сөздөрдүн кайсы тыбыштарында айырма бар экендигин айтып бер:

| | |
|---|---|
| ай-ой | комуз-коңуз |
| ун-үн | дарак-тарак |
| эң-эн | чана-чака |
| өз-өс | апа-аба |



**7-көнүгүү.** Тамгалардан сөз түзүп, жазып кел.

А, с, у, и, т, э, п, к, е, оо, м, л.



http://eduportal.uz

## 3-сабак.
# ТЫБЫШ ЖАНА ТАМГА
### Эске сакта!

Тыбышты айтабыз жана угабыз.
Тамганы жазабыз жана көрөбүз.

**8-көнүгүү.** Ырды окуп, кара менен басылган сөздөрдү тамга жана тыбышка ажырат.

### Эне тил

**Эне** тилин билбеген,
Эси **жогун** аныктайт.
Эне **тилин** сүйбөгөн,
**Элин** сүйүп жарытпайт.

**Орус** тилин билиш керек,
Мына ушул **заманда.**
Бирок кыргыз **кыргызча,**
Сүйлөбөсө **жаман да.**

Б. Сарногоев

### Макал

Эне тилим — эне сүтүм.

Эне тилсиз эл болбойт.



http://eduportal.uz

**9-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө сүйлөм түзүп, дептериңе жаз.

Мектеп, кар, чана, китеп, бөлмө, жомок, театр.



**10-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдүн аттарын атап, тыбыш жана тамгага ажыратып, жазып кел.







## 4—5-сабак. МАШЫГУУ САБАГЫ

**11-көнүгүү.** Ырды окуп, кара менен басылган сөздөрдү тамга жана тыбышка ажырат.

### Кебездей үлбүрөк

Апакай **олпок** кар,
Кебездей **үлбүрөк**,
**Колума** кармалбай,
Бат **эрийт** үлбүрөп.

http://eduportal.uz

Түндөсү айнекке,
Гүл тартат **аяз** кыз.
**Оюуга** окшотсо,
**Суктанып** карайбыз.

Д. Жамансартова

Ыр эмне жөнүндө? «Олпок кар» дегенди кандай түшүнөсүң?

**12-көнүгүү.** Төмөнкү сүрөткө карата сүйлөм түзүп, дептериңе жаз.



**13-көнүгүү.** Макалдарды көчүрүп жазып, маанисин түшүндүр.

Жети өлчөп, бир кес. Жүз сомуң болгончо, жүз досуң болсун. Кыздын

кырк чачы улуу. Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы.

**14-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдөн тыбыштарды кемитип, жаңы сөз жасап жаз.

Сулуу, сүйлө, жаман, кыр, накыл, булак, сүлгү.

Ү л г ү: Сулуу—улуу, ...



**15-көнүгүү.** Буларды билесиңби? Чекиттин ордуна тиешелүү сөз таап, жазып кел.

Капуста—жашылча, а, алмачы?
Алма........а, буудайчы?
Буудай ......а, сабизчи?
Сабиз........а, помидорчу?
Помидор......





http://eduportal.uz

# 6-сабак.

# БЫШЫКТОО САБАГЫ

Суроолорго оозеки жооп бер.

1. Кыргыз тилинде канча тамга, канча тыбыш бар?
2. Тыбыш деген эмне?
3. Тамга деген эмне?
4. Өзүң сөз таап, тыбыш жана тамгага ажырат.

**16-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз. Кара тамга менен жазылган сөздөрдү тамга жана тыбышка ажырат.


## Биздин мектеп

Биздин **мектеп** — чоң жана кооз. Айланасында түрдүү **дарактар** отургузулган. **Класстын** ичи жарык, таза. Жаңы келген стол, стулдарда отуруп, **билим** алабыз. Мен биринчи класста **окуйм.** Мектептин алды дайыма таза болуп турат.



http://eduportal.uz

**17-көнүгүү.** Сүрөткө карап, сүйлөмдөр түз.



**18-көнүгүү.** Ырды окуп, түшүнгөнүңдү айтып бер. Кара менен басылган сөздөрдү көчүрүп жазып, тамга жана тыбышка ажырат.

## Мен киммин?

Урпагымын кыргыздын,
**Ала-Тоону** жердеген.
Бабам **Манас** айтылуу,
Жоого намыс бербеген.

**Өзбекстан** — ардактуу,
Менин Ата Мекеним.
Эне тилим — **кыргыз** тил,
Билем **кымбат** экенин.

http://eduportal.uz

# 7-сабак. БАШ ТАМГА

**Өзбекстан, Ташкент, Айзирек, Бектур, Элчибек, Ысык-Көл, Алмалык, Газалкент.**

Бул сөздөр эмне үчүн баш тамга менен жазылды деп ойлойсуң?

## Эске сакта!

Тамгалар баш жана кичине болот. Сүйлөм башталганда жана энчилүү аттар баш тамга менен жазылат.

**19-көнүгүү.** Баш тамга менен башталган беш-алты сөз таап жаз.

**20-көнүгүү.** Текстти окуп, баш тамга менен жазылган сөздөрдү көчүрүп жаз.

## Өзбекстандын шаарлары

Өзбекстандын борбору — Ташкент. Ташкент — кооз шаар. Өлкөбүздө мындан башка Андижан, Наманган, Фергана, Бухара, Хива сыяктуу шаар-

http://eduportal.uz

лар да бар. Самарканд шаары — өлкөбүздөгү эң сулуу шаар.



**21-көнүгүү.** Адамдын, шаарлардын, жаныбарлардын аттарын таап жаз.



## 8-сабак. ЭНЧИЛҮҮ АТТАР

### Эске сакта!

Ар бир нерсеге энчиленип коюлган аттар энчилүү аттар деп аталат. Энчилүү аттар баш тамга менен жазылат.

**22-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдө эмнелердин аттары баш тамга менен жазылганын айтып бер.

Менин Кумайык деген күчүгүм бар. Аймээрим Достук айылында жашайт. Арал деңизи — чоң. Апам Наваий шаарына барып келди. Элнур Тайтору атын жакшы көрөт.

**23-көнүгүү.** Адамдын, айбанаттардын жана жер, суулардын аттарын бөлүпбөлүп эрежеси боюнча жаз.

http://eduportal.uz

Бакай, айчүрөк, аккула, наманган, мырзачөл, бөрүбасар, арнасай, коргонтөбө, семетей, сыргак, телтору, желмаян.



**24-көнүгүү.** Өзүң жашаган жердеги шаарлардын, айылдардын, айбандардын аттарын таап, жазып кел.

## 9-сабак.

## МАШЫГУУ САБАГЫ

**25-көнүгүү.** Ырды окуп, энчилүү аттарды көчүрүп жаз.

### Жашынмак

Токон, Ташын,
Жашыныштты бачым.
Издеп жүрөт Касым.
Келе жатса Касым,
Чыгарып башын:
— Мен бул жерде
жокмун, — дейт,
Кичинекей Ашым.



http://eduportal.uz

**26-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, энчилүү аттарды көчүрүп жаз.

Ит үй кайтарат. Койлорду короого айдап келет. Адамдар итке Жолборс, Кумайык, Киреше, Акжолтой, Бөрүбасар, Шарик деп ат коюшат.



**27-көнүгүү.** Табышмактын жандырмагын таап, жаттап ал. Энчилүү аттарды айтып бер.

Асан, Үсөн жана Касым —
Менден улуу агаларым.
Короодо ойноп жаткан,
Керим дагы менин иним.
Баарыбызга бир эле эже,
Канча болдук? Бизди эсепте.



**28-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, баш тамга менен башталган сөздөргө көңүл бур.



http://eduportal.uz

1. Жандарбек — үлгүлүү окуучу. 2. Бектемир Ташкент шаарында жашайт. 3. Биз жайында Чимган жайлоосуна бардык. 4. Атам Айдаркөлдөн балык кармап келди.

## 10-сабак.

## ҮНДҮҮ ЖАНА ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАР

### Эске сакта!

Кыргыз тилинде 36 тамга, 39 тыбыш бар. Тыбыштар айтылышына карай үндүү жана үнсүз тыбыштар болуп экиге бөлүнөт: **Үндүү тыбыштар** — 14. Алар: **а, о, у, э, ы, ү, и, ө, аа, ээ, үү, оо, уу, өө.**

Созулма үндүү тамгалар дагы тыбыш берет.

**Үнсүз тыбыштар** — 25. Жазууда 22. Алар: **б, в, г, (гы, ги) д, ж, (ж, дж) з, й, к, (кы, ки) л, м, н, ң, п, р, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ.**

http://eduportal.uz

**29-көнүгүү.** Сөздөрдүн ичинен үндүү тамгаларды таап, астын сызгыла.

Алма, жүзүм, мектеп, эгин, өнөр, аалам, өргөө, күү, сулуу, жоолук.

**30-көнүгүү.** Берилген сөздөрдү муундарга ажыратып, муундар кандай тыбыштардан түзүлгөнүн байка.

Машина, алмурут, автобус, аялдама, окуучу, жашылча, багбан, китепкана.

**31-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү көчүрүп жазып, үндүү, үнсүз тыбыштарга ажырат.

Күз, Эмил, карандаш, кагаз, орок.



**32-көнүгүү.** Үндүү тыбыштар менен башталган сөздөрдөн мисал келтирип, дептериңе көчүрүп жаз.



## 11-сабак. ҮНДҮҮ ТЫБЫШТАР

### Эске сакта!

Ооз көңдөйүндө эч кандай тоскоолдукка учурабай, эркин айтыл-

http://eduportal.uz

ган тыбыштар үндүү тыбыштар деп аталат.

Алар: **а, э, о, у, ы, ө, и, ү, аа, оо, уу, өө, ээ, үү.**

Кыргыз тилинде 14 үндүү тыбыш бар. Алар айтылышына карай кыска үндүүлөр жана созулма үндүүлөр болуп экиге бөлүнөт.

**33-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, кыска үндүүлөрдү бир, созулма үндүүлөрдүн астын эки сызык менен сыз.

Суу бар жерде — жашоо бар. Суу болбосо, өсүмдүктөр да, жаныбарлар да жашай албайт.

Өлкөбүздө дарыялар көп. Алардын эң чоңу — Амударыя жана Сырдарыя.

Суу — жаратылыш байлыгы. Аны үнөмдөп сарптоо керек.

**34-көнүгүү.** Созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдөн мисал келтир.



http://eduportal.uz



**35-көнүгүү.** Кыска үндүүлөрдү таап, көчүрүп жазып, астын сыз.

Биздин үй-бүлөдө беш киши жашайт. Мен окуучумун. Атам — дарыгер. Апам — дүкөндө сатуучу. Эжем — мугалим. Агам шаарда окуйт. Биз — бактылуу үй-бүлөбүз.



## 12-сабак. КЫСКА ҮНДҮҮЛӨР

### Эске сакта!

Үн созулбай кыска айтылса, булар кыска үндүүлөр. Алар жазууда бир тамга менен белгиленет.

Кыргыз тилинде 8 кыска үндүү тыбыш бар. Алар: **а, о, у, ы, ө, ү, э, и.**

**36-көнүгүү.** Кыска үндүүлөр менен башталган сөздөрдөн мисал келтир.

Үлгү: Анар, өтүк, орок, ......

**37-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, кара тамга менен басылган сөздөрдөн кыска үндүүлөрдү айтып бер.

http://eduportal.uz

Эл ичи — өнөр **кенчи.** Адепти **адептүүдөн** үйрөн. **Суусуз** жашоо жок. Жакшыга жанаш, **жамандан** адаш. Билим — **түгөнбөгөн** казына.

**38-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түз.

Жүзүм, асман, айры, китеп, татына, дарбыз, ашкабак, ата-эне.



**39-көнүгүү.** Чекиттердин ордуна тиешелүү кыска үндүүлөрдү коюп көчүр:

им.р.т, айл.н., .лик, .н.р, ишк.н..



## 13-сабак. ЖООН ҮНДҮҮЛӨР

### Эске сакта!

Кыска үндүүлөр айтылышына карай жоон жана ичке үндүүлөр болуп экиге бөлүнөт.

Жоон үндүүлөр: **а, о, у, ы.**



http://eduportal.uz

Жоон үндүүлөрдү айтып жатканыбызда, тил ооз ичинде кысылбай, эркин турат.

**40-көнүгүү.** Жоон үндүүлөр менен башталган сөздөрдөн таап, аларга оозеки сүйлөм түз.

Ү л г ү: Алма. Биз алма терүүгө жардам бердик.

**41-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү көчүрүп жаз, жоон үндүүлөр катышкан сөздөрдү оозеки ажырат.

## Туугандарыңды атай билесиңби?

Ага, байке, аба, аке, ини, эже, сиңди, карындаш, бөбөк, жеңе, жезде, таяке, таеже, таежеңе, жээн.

**42-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдүн ичинен жоон үндүү менен башталган сөздөрдү таап, дептериңе көчүр.

Өтүк, алтын, үлгү, улак, уламыш, ден соолук, анар, отургуч, ийик, ынтымак, өчүргүч, оймок, калем сап.

http://eduportal.uz

## 14-сабак. МАШЫГУУ САБАГЫ

**43-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түз.

Акылдуу, оюн, ырыстуу, укмуш, уйку, орозо.



**44-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, ичинен жоон үндүүлөр менен башталган сөздөрдү таап, астын сыз.

### Арашан суулары

Суулардын баары эле жерден чыгат. Алар булактардан куралат. Бирок, бардык булактар бирдей болбойт. Дарылык касиети бар жылуу булактар кездешет. Аларды арашан суулары дейбиз. Бул суулар адамдын тери жана муун ооруларын дарылайт. Ичсе ички ооруларга да табылгыс дары.

Мындай сууларды мамлекет корукка алган. Ал суулар чыккан жерлерге курорттор жана түрдүү эс алуу жайлары курулган.



# 15-сабак. ИЧКЕ ҮНДҮҮЛӨР

## Эске сакта!

Кыргыз тилинде 4 ичке үндүү бар. Алар: **э, и, ө, ү.**

Ичке үндүүлөрдү айтканда тил ооз ичинде жукарып, тилдин учу тишке тийип айтылат. Мисалы: элик, үлгү, өнөр, ителги.

**45-көнүгүү.** Ичке үндүүлөр менен башталган сөздөрдү таап, аларга сүйлөм түз.

Үлгү: Атам илгич жасады.

**46-көнүгүү.** Ырдын ичинен ичке үндүүлөр катышкан сөздөрдү таап көчүр.



### Үлгү кыз

Үй шыпырган үлгү кыз,
Үйдүн ичин билги кыз.
Жакшы көрөт бөбөгүн,
Өзүнчө эле бир жылдыз.

http://eduportal.uz

**47-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, ичке үндүүлөр менен башталган сөздөрдүн астын сыз.

Гүлзат — үлгүлүү окуучу. Ал кийимдерин ар дайым таза, тыкан кармайт. Сабактан келип, кийимдерин илгичке илет. Өрдөктөрүнө жем, суу берүүнү унутпайт. Аны айылыбыздагы көптөгөн кыздарга үлгү кылып көрсөтөт.



**48-көнүгүү.** Ырды окуп, ичке үндүүлөр катышкан сөздөрдү көчүрүп жаз.

## Кубанга эмне жакты?

Китеп алып, партага,
Биринчи ирет олтуруп.
Кубан келди кучагын,
Кубанычка толтуруп.
—Жакшы бекен окуган?—
Айтчы, угалы кана биз.
—Сабагынын баарынан,

http://eduportal.uz

Жакты мага танапис.
Кыткылыктап биз күлсөк,
Ызаланып, аз ойлоп:
—Бардыгынан жакканы,
Сабак—деди, кайра оңдоп.

А. Кыдыров



## 16-сабак.

# Э (Е) ТЫБЫШЫНЫН ЖАЗЫЛЫШЫ

### Эске сакта!

Төмөнкү сөздөрдү окуп, **э(е)** тыбышынын жазылышына көңүл бур.

1. Эл, элик, эшик, аэропорт, эмен.
2. Белек, терек, кел, берет, тек.
3. Ээн, жээн, чээн, жээк, тээк.

Эгерде **э** тамгасы сөздүн башында же үндүү тамгадан кийин келсе **э** болуп жазылат.

http://eduportal.uz

Сөздүн ортосунда, аягында жана үнсүз тамгалардан кийин келсе **е** болуп жазылат.

Созулуп айтылганда **ээ** болуп жазылат.

**49-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү көчүрүп жазып, **э(е)** тыбыштарын таап, алардын жазылышы жөнүндө сүйлөп бер.

Кереге, элечек, ителги, эмгек, аэроклуб, аэродром, эне, киреше, эреже, эже, тебетей, тепки, терезе, тегерек.

**50-көнүгүү.** Өзүң **э(е)** тыбыштары катышкан сөздөрдөн таап, 3—4 сүйлөм түз.

Үлгү: Эшик.

Акылдын атасы эшик жасады.

**51-көнүгүү.** Макалдардан **э(е)** тыбыштары катышкан сөздөрдү таап, көчүрүп жаз.

Эл ичи—өнөр кенчи. Эр эмгегин жер жебейт. Эне сыйлаган элге жагат,



http://eduportal.uz

ата сыйлаган абийир табат. Эр жигитке жетимиш өнөр аз. Эл оозуна элек тутпа, калк оозуна капкак тутпа. Эне — нур, эне — бакыт. Эшигин көрүп, төрүнө өт.



**52-көнүгүү.** Төмөнкү берилген сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түз. Түзгөн сүйлөмүңдү көчүрүп жаз.

Элек, энергия, Эламан, темир, телефон, Элнура, бешик, белек.



## 17-сабак. СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨР

### Эске сакта!

Кыргыз тилинде 6 созулма үндүү тыбыш бар. Алар: **аа, оо, уу, өө, үү, ээ.**

Кыска үндүүлөр созулуп айтылса созулма үндүү болот. Жазууда бир тамганын эки жолу жазылышы менен белгиленет.

Мисалы: талаа, коон, өргөө, үлгүлүү, акылдуу, оор, сулуу.

http://eduportal.uz

Төмөнкү сөздөрдү окуп, алардын айырмасын айтып бер. Тар — таар, эр — ээр.

**53-көнүгүү.** Сөздөрдү оку, кыска үндүүлөр менен созулма үндүүлөрдүн айтылышына көңүл бур:

| | | |
|---|---|---|
| ток — тоок | эк — ээк | жүн — жүүн |
| эн — ээн | ук — уук | кон — коон |
| тур — туур | бор — боор | эр — ээр |



Кыска үндүүлөр созулуп айтылганда сөздүн мааниси өзгөрдүбү?

**54-көнүгүү.** Текстти окуп, түшүнүгүңдү сүйлөп бер. Сүйлөмдүн ичинен созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү таап, дептериңе көчүрүп жаз.

## Балык

Балыктар көлдө, деңизде, океанда, чоң сууларда жашайт. Бирок, үйгө балык бакса болот. Балык багылган идишти аквариум дейт. Аны кароо-

http://eduportal.uz

суз калтырууга болбойт. Аквариумда кичинекей кооз балыктар багылат. Алардын ичинен ойнооктору тынбай нары-бери сүзүп жүрө беришет.



1. Аквариумдагы балык кандай тамак жейт?
2. Балыктын сүрөтүн тарт, боё.

**55-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, кыска үндүүлөр созулма үндүүлөр менен алмашканда кандай өзгөргөнүн айтып бер.

1. Энем дайым бир сөз айтса: «Кулагың менен ук!» — дегени деген. 2. Апам боз үйдүн ууктарын байлап чыкты. 3. Беш, үч, он — булар сандар. 4. Бээ саан болду. 5. Инимдин курсагы ток. 6. Мен тоокко жем бердим. 7. Чоң энем жүндөн кемсел токуду. 8. Айшанын ыйлап турганын көрүп, жүүнүм бошоду.



**56-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдүн астын сыз.

http://eduportal.uz

## Өзбекстан — Мекеним

Ар бирибиздин туулуп-өскөн Мекенибиз бар. Ал жер — биз үчүн ыйык. Биздин мекенибиз — Өзбекстан. Өзбекстан — эң кооз, сулуу өлкө. Анын чоң-чоң шаарлары, бийик-бийик тоолору, чексиз пахта талаалары, шаркырап аккан суулары бар. Жолдун жээктерине ар түрдүү гүлдөр эгилген. Биз өз Мекенибизди чексиз сүйүүгө тийишпиз.



## 18-сабак.

## БЫШЫКТОО САБАГЫ

Төмөнкү сөздөрдөгү үндүү тамгаларга мүнөздөмө бер.

Мектеп, окуучу, мээримдүү, эки, адептүү, элүү, эргүү, алиппе, илгич, ышкын.

Үлгү: Окуучу — үндүү тамга **о, уу, у.** **О, у** — жоон үндүүлөр, **уу** — созулма үндүү.

http://eduportal.uz

**57-көнүгүү.** Түшүрүп калтырылган үндүү тамгаларды коюп, көчүр.

М.к.н, д.р.г.р, к.ш, ж.з.м, алт.м.ш, .ст.лик, т..к, к..н, м.м.лак, ч.чкан, к.ч.к.

**58-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп, ичке үндүүлөрдү бир, жоон үндүүлөрдү эки сызык менен сыз.

Биздин короого балдар гүл тигишти. Гүлнара менен Айгүл сугарып турушту. Гүлназ чөбүн отоду. Гүлдөр ачыла баштады.



**59-көнүгүү.** Түшүрүп калтырылган сөздөрдү таап, сүйлөмдөрдү көчүр.

Белек — ... бала. Айгерим менен Анара ... . Алар мектепке ... барышат.

Биздин үйүбүз ... айылында жайгашкан. Айылыбыз ... жана ... .

Колдонулуучу сөздөр: кооз, адептүү, дос, чогуу, Бостон, чоң.



http://eduportal.uz

# 19-сабак. ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАР

## Эске сакта!

Үнсүз тыбыштарды айтканда адамдын добушу ооз көңдөйүндө тосcоолдукка учурайт. Аны өзүң айтып көрүп, байка.

Мисалы: **б, с, т, к, л** ж.б.

Кыргыз тилинде 25 үнсүз тыбыш бар. Алар жазууда 22 тамга менен белгиленет. Себеби **к (кы, ки ), г (гы, ги), ж (же, жу)** тыбыштары айтууда экиден тыбыш берип, бир тамга менен белгиленет. Алар: **б, в, г, д, ж, з, й, к, л, м, н, п, ң, р, с, т, ф, х, ц, ч, ш.**

**60-көнүгүү.** Керектүү үнсүз тыбыштарды коюп, сөздөрдү оку.

. ана, . урас, а . ча, ба . тек. били . дүү, тиле . , ма . ина, табы . мак, кале . са . , . арак, . улпар.



Эгер үнсүз тамгалар болбосо сөздүн мааниси чыгабы?



http://eduportal.uz

**61-көнүгүү.** Текстти окуп, мазмунун сүйлөп бер. Үнсүз тыбыштарды айт.

## Түлкү менен кирпи

Ач түлкү кирпини көрүп калды. Кирпи түлкүдөн коркуп, бүрүштү.

Түлкү кирпини буту менен ары-бери тоголотту. Кирпи бүрүшүп жата берди. Түлкү уу тишин матырмакчы болду. Кирпи ийнесин сайып жиберди. Түлкүнүн оозу канга толду. Түлкү кирпиге экинчи жолобос болду.

**62-көнүгүү.** Үнсүз тыбыштар катышкан бир нече сөздү айтып, дептериңе көчүрүп жаз.



**63-көнүгүү.** Табышмактын жандырмагын таап, кара менен басылган сөздөрдү үндүү, үнсүз тыбыштарга ажырат.

Өзү **кичине** колума чакан,
Кайда **барсам** ала барам.
**Олтуруп алып,** ичин ачам,
**Кызыктарга** аралашам.



http://eduportal.uz

Жеп бүтүп **этти**,
Анан **жууйт** бетти.
**Жайда** талаада болуп,
**Күздө** кырманга келет.
Тойбойсуң **эч качан,**
Ал күн сайын **желет.**



## 20-сабак. ЖУМШАК ЖАНА КАТКАЛАҢ ҮНСҮЗДӨР

### Эске сакта!

Үнсүз тыбыштар айтылышына карай жумшак жана каткалаң үнсүздөр болуп экиге бөлүнөт.

Жумшак үнсүздөр — 12. Алар: **б, в, г, д, ж, з, й, л, м, н, ң, р.** Каткалаң үнсүздөр — 10. Алар: **к, п, с, т, ф, х, ц, ч, щ, ш.**

Жумшак үнсүздөр менен каткалаң үнсүздөрдүн айырмасы эмнеде экенин байкагыла.

Бир аз үн кошулуп айтылса, жумшак үнсүздөр; үн кошулбай айтылса, каткалаң үнсүздөр болот.

http://eduportal.uz

**64-көнүгүү.** Жумшак үнсүздөр менен башталган сөздөрдөн мисал келтирип жаз.

Үлгү: Болот, вагон, гүл, деңиз.

**65-көнүгүү.** Сүйлөм ичинен каткалаң үнсүздөр менен башталган сөздөрдүн астын сыз.

1. Китеп — билим булагы, билим — өнөр чырагы. 2. Биз зоопарктан пилди көрдүк. 3. Окуучулар фермерге жардам беришти. 4. Шарап менен Анвар — ынтымактуу достор. 5. Чынара өзү ойлоп табышмак жаратты.

**66-көнүгүү.** Ырды окуп, кара менен басылган сөздөрдөн үнсүз тыбыштарды таап, кандай үнсүз экенин айтып бер.

## Апам неге ыйлады?

Көзүм **түштү** апамдын,
Көзүндөгү **жашына.**
«**Себеби** не капаңдын?» —
Деп **келдим** мен кашына.
**Сурабапмын**, билбепмин,

http://eduportal.uz

Не жанына **батканын.**
**Байкабапмын**, көрбөпмүн,
Пияз **туурап** жатканын.



**67-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм жазгыла.

Завод, лента, парта, цех, шам, трактор, жылдыз, бал муздак, нур, ракета.



## 21-сабак. К (КЫ, КИ), Г (ГЫ, ГИ), Ж (Ж, ДЖ) ТЫБЫШТАРЫ

### Эске сакта!

Эгерде **к, г** тыбыштары жоон үндүүлөр менен келсе **кы, гы** болуп айтылат.

М и с а л ы : куймак, кумура, каз, карга, карагат, дагара.

Ал эми **к, г** тыбыштары ичке үндүүлөр менен келсе **ки, ги** болуп айтылат.

М и с а л ы : көгүчкөн, көпүрө, күч, күрүч, үлгү, элик, кереге, күүгүм.

http://eduportal.uz

**ж** тыбышы орус тилинен кирген сөздөрдө **дж** деп айтылат.

Мисалы: журнал, жираф, жигули.

**68-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, **к, г** тыбыштары кандай айтылганын айтып бер.

1. Көгүчкөн — тынчтыктын символу. 2. Биз шаардан күүгүмдө келдик. 3. Кымыз — кыргыз элинин улуттук тамагы. 4. Боз үйдүн керегелери арчадан жасалат.

**69-көнүгүү.** Ырды окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдөгү **к, г** тыбыштары кандай үндүүлөр менен келгенин айтып бер.

## Үлгү ырлар

Жаман адам **белгиси** —
Өз камы үчүн **жүгүрөт.**
**Жакшы** адам белгиси —
Эл камы үчүн **күйүнөт.**
Ынтымак болсо **калкыңда,**
**Душманыңдан** тартынба.



http://eduportal.uz

Айбаты бар **жигиттин,**
Атагы **калат** артында.



**70-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдөгү түшүрүп калтырылган тыбыштарды таап, алар кандай айтылганын байка жана көчүрүп жаз.

.ираф, .емел, чал.ы, .умура, му.алим, .үл, .арыя, .урнал, коң.уроо, бү.үн, кыр.оол, .алпа.



## 22-сабак. МАШЫГУУ САБАГЫ

**71-көнүгүү.** Текстти окуп, мазмунун сүйлөп бер. Канаттуулардын аттарын көчүрүп жаз.

### Куштар — биздин досубуз

Өзбекстанда куштар көп. Алар бизге курт-кумурскаларды жеп, пайда келтирет. Куштар — канаттуу досторубуз. Биз куштар майрамын өткөрөбүз. Мен булбул болуп, Айгерим күкүк болуп сайрайбыз. Мелис бүркүт, ылаачын, чымчык, карганын аттарын айтат.

http://eduportal.uz

**72-көнүгүү.** Ырды окуп, **к (ки), г (ги)** тыбыштары катышкан сөздөрдү тап.

## Телибай тентек

Илгери өткөн заманда,
Телибай тентек болуптур.
Азыркы биздин Темирбек,
Ошол атка конуптур.

Чектен чыккан тентекти,
Телибай дейт биздин эл.
Темирбек жайын айтайын,
Угам десең бери кел.

«Эне тили» болгондо,
Карга болуп какылдайт.
Мугалим эже кой десе,
Кулакка албайт, тил албайт.

Ырды талкуулагыла. Силерде ушундай тентек балдар барбы?

**73-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп кел.

Журнал, кагаз, гүл, күчүк, жираф, күз.



http://eduportal.uz

# 23-сабак. ТҮГӨЙЛҮҮ ҮНСҮЗ Б-П, Д-Т, В-Ф ТЫБЫШТАРЫ

## Эске сакта!

Айрым жумшак үнсүздөр менен каткалаң үнсүздөр түгөйлөшөт. Алар: **б-п, в-ф, г-к, д-т, з-с, ж-ш.** Булар түгөйлүү үнсүздөр деп аталат.

**74-көнүгүү.** Сөздөрдүн айтылышын байкап, маанисине карата сүйлөм түзүп жаз.

| | |
|---|---|
| бил — пил | дан — тан |
| бул — пул | дүн — түн |
| бол — пол | дос — тос |

**75-көнүгүү.** Сүйлөмдөгү ката жазылган сөздөрдү оңдоп жаз. Түгөйлүү үнсүздөрдү жазууда сөздүн маанисине көңүл бур.

1. Эне тил сабагы болуп жатат. 2. Атам тандыр курду. 3. Сайкал менен Айкерим — тос. 4. Пул — чымчыктын уясы. 5. Айдай фафли сатып келди.

http://eduportal.uz

**76-көнүгүү.** Өз алдынча **б-п, д-т, ф-в** түгөйлүү үнсүздөргө сөз таап, жазып кел.

## 24-сабак. ТҮГӨЙЛҮҮ ҮНСҮЗ З–С, Ж–Ш, Г–К ТЫБЫШТАРЫ

**77-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдү оку. Аларда кандай айырмачылыктар бар экендигин түшүндүр.

| | |
|---|---|
| зал — сал | жуу — чуу |
| жээн — чээн | кызыл — кысыл |
| заман — саман | арга — арка |
| жоор — чоор | жагын — жакын |
| жал — чал | жак — шак |

**78-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, көп чекиттин ордуна түгөйлүү үнсүз тамгаларды коюп жаз.

1. Спорт оюндары ...алда болду. 2. Балдар, электр ...ымдарынан этият болгула. 3. Жылдыз ...үлдөргө суу куюп жатат. 4. Байкем жылкынын ...алын тарады.

http://eduportal.uz



**79-көнүгүү.** Кара тамга менен жазылган сөздөргө байкоо жүргүзүп, сүйлөмдөрдүн маанисин түшүндүр.

**з – с**

Ой-тоого берип сары **түс,**
Кечээ эле турган алтын **күз.**



## Сызгыч

Пайдасыз дей салбагын,
Эттияттай кармагын.
Чийгиң келсе **түз** кылып,
Өтө тиет жардамым.

А. Кыдыров

**ж – ш**

## Китепкап

Жапсаң бекем **жабылат,**
Чапма кулпум **чабылат.**
Китеп, калем, дептериң,
Баары мага салынат.



http://eduportal.uz

## Күз



Карап турам бактарды,
Кайда көркү **баштагы**?
**Жашыл** түстөн ажырап,
Жалбырактар сапсары.



## 25-сабак. МАШЫГУУ САБАГЫ

**80-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөгү түгөйлүү үнсүздөрдүн түгөйүн коюп окуп, туура маанисин жаз.

Ас, сызгыч, бар, чакты, дарбыз, вагон, күлкү, фамилия, гүл, паравоз.



Түгөйлүү тыбыштар катышканда сөз маанисин өзгөртүп жиберерин байкадыңбы?

**81-көнүгүү.** Текстти окуп, түгөйлүү үнсүздөр катышкан сөздөрдү таап көчүр.

## Комуз

Комуз — кыргыз элинин улуттук аспабы. Комуз өрүктөн жасалат. Анын үч кылы бар. Кылдары ичегиден жасалып тагылат. Улуу төкмө акындар

http://eduportal.uz

комузду булбулдай сайратышкан. Комуз менен күү чертишкен. Ыр ырдашкан. Оюн-күлкү кылышкан.



**82-көнүгүү.** Макалдарды көчүрүп жазып, маанисин түшүндүрүп бер.

Сиз деген — сылык сөз, сен деген — сенек сөз. Көп сүйлөгөн тантык болот, сууну кечсең балчык болот. Кыздуу үйдө кыл жатпас. Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө. Акыл айга жеткизет, өнөр көккө жеткизет.



## 26-сабак. БЫШЫКТОО САБАГЫ

**83-көнүгүү.** Текстти оку. Кара тамга менен басылган сөздөрдөн түгөйлүү үнсүздөргө мисал тап.

### Кимдер күчтүү?

Коёндор менен карышкырлар **каз** курган стадионго чогулушту.

— Келгиле, топ ойноп, мелдешели, — **дешти** карышкырлар.



http://eduportal.uz

— Силер канчоосуңар? — дешти коёндор.

— Биз — үчөөбүз. А силерчи?

— Биз — онбуз.

— Оо, силер — көпсүңөр, мелдешпейбиз, — дешти карышкырлар.

— **Жок,** — дешти анда коёндор, — Силер — күчтүүсүңөр. Качпагыла, баштайлы...



Балдар, айткылачы, чын эле кимдер күчтүү?

**84-көнүгүү.** Сөздөрдүн айтылышын байкап, маанисине карата сүйлөм түзүп жаз:

бил — пил　　бол — пол
бул — пул　　бар — пар

**85-көнүгүү.** Сөздөрдүн айтылышын байкап, сүйлөм түз.

газ — каз　　гүл — күл
гол — кол　　гел — кел



**86-көнүгүү.** Сөздөрдү туура окуп, маанисин түшүндүрүп, дептериңе көчүрүп жазып кел.

http://eduportal.uz

жаш — шаш жар — шар
жок — шок жашыл — шашыл
жык — шык жарак — шарак



## 27-сабак.
## ТҮГӨЙСҮЗ ҮНСҮЗДӨР

### Эске сакта!

**й, л, м, н, ң, р, х, ц, ч, щ** булар түгөйсүз үнсүздөр.

**87-көнүгүү.** Түгөйсүз үнсүздөрдөн башталган сөздөрдү таап, дептериңе жаз.

Ү л г ү: лампа, ракета.....

**88-көнүгүү.** Текстти окуп, маанисин сүйлөп бер. Түгөйсүз үнсүздөр катышкан сөздөрдү көчүрүп жаз.

### Нан

Нан — биздин эң биринчи байлыгыбыз. Нан болсо курсак ток. Нанды ар күнү жесек да, эч качан көөнүбүзгө тийбейт. Элибизде нан жөнүндө накыл сөздөр көп.

http://eduportal.uz

**89-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдүн атын ата.






**90-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп, дептериңе жаз.

Сапар, бий, китеп, жайлоо, бак.



## 28-сабак.
## БЫШЫКТОО САБАГЫ

**91-көнүгүү.** Ырды окуп, түгөйлүү үнсүздөр катышкан сөздөрдү таап, айтып бер.

### Мектепти көздөй шашамын

Быйтың-быйтың басамын,
Мектепти көздөй шашамын.
Сабагымдан беш алып,
Көңүлүмдү ачамын.



http://eduportal.kz

Отуз алты тамганы,
Оңой эле үйрөндүм.
Сөзүн окуп алиппенин,
Эжейимдей сүйлөдүм.
Жүзгө чейин санаймын,
Жымың этип караймын.
Ата-энемдин айтканын,
Ар убакта баалаймын.



С. Ишенов



Ыр сага жактыбы? Түгөйлүү үнсүздөрдү түгөйлөрү менен алмаштырып окуса болобу?

**92-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, түгөйсүз үнсүздөрдүн астын сыз.

1. Апам тигүү цехинде иштейт. 2. Элиза кызарып бышкан нанды дандырдан үзүп алды. 3. Таң агарып ата баштады. 4. Биз малина тергени бардык. 5. Эртең менен тишиңди щётка менен тазала. 6. Чоң энем ыракмат айтты.



http://eduportal.uz

**93-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, түгөйлүү, түгөйсүз үнсүздөр катышкан сөздөрдү оозеки ажырат.

Ташкент — Өзбекстан Республикасынын борбор шаары. Борбор шаарыбызда ишканалар, мектептер бар. Шаардын көчөлөрү таза. Жолдун жээктерине ар түрдүү гүлдөр эгилген. Балдар үчүн эс алуу жайлары бар.



Ташкент жөнүндөгү түшүнүгүңдү сүйлөп бер.



**94-көнүгүү.** Түгөйлүү, түгөйсүз үнсүздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп, дептериңе жаз.



## 29-сабак.
# ЙОТТОШКОН ТАМГАЛАР

### Эске сакта!

Кыргыз тилинде 4 йоттошкон тамга бар. Алар: **е, ё, ю, я.** Бул тамгалар айтууда эки тыбышты билдирет.

http://eduportal.uz

| Жазылышы: | Айтылышы: |
|---|---|
| е | йе |
| ё | йо |
| ю | йу |
| я | йа |

Йоттошкон тамгаларды айтканда эки тыбышты берет, жазганда бир тамга менен жазылат.

**95-көнүгүү.** Төмөнкү сүрөттөгүлөрдүн атын атап, тууралап жазабыз:





**96-көнүгүү.** Сөздөрдү көчүрүп жазып, тамга жана тыбышка ажырат.

Тарбия, шахтёр, таяк, юла, тоют.

**97-көнүгүү.** Ырды окуп, йоттошкон тамгаларды тап.

Тоё тамак ичкенде,
Торсоюп да, борсоюп.
Топко окшойт «курсагым»,
«Курсакта» топ түшсүн деп!
Келе берет чуркагым.

А. Жакшылыков

http://eduportal.uz



**98-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп кел.

Таята, боёк, саякат, оюнчук, уя, тиет.



## 30-сабак. Ь (ИЧКЕРТҮҮ) жана Ъ (АЖЫРАТУУ) БЕЛГИЛЕРИ

### Эске сакта!

**Ь** (ичкертүү) жана **ъ** (ажыратуу) белгилери тыбыш бербейт. **Ь** (ичкертүү), белгиси орус тилинен кирген сөздөрдө учурап, ал сөздөгү тыбыштар жумшарып айтылат. **Ъ** (ажыратуу) белгиси орус тилинен кирген сөздөрдө гана учурап, белги катышкан сөздөр ажыралып айтылат. Мисалы: **медаль, пальто, коньки, подъезд, разъезд.**

**Ь** (ичкертүү) белгиси сөздүн аягында келип, мүчө уланганда **ь** (ичкертүү) белгиси түшүп калат.

Мисалы: Биз (июнь+да) июнда эс алууга барабыз.

http://eduportal.uz

**99-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, **ь** (ичкертүү) белгиси катышкан сөздөрдүн астын сыз.

1. Акмат чоң атанын медаль жана ордендери көп. 2. Мурат альбомго мектептин сүрөтүн тартты. 3. Мугалим конькини кантип тебүүнү үйрөттү. 4. Айлана циркуль менен сызылат. 5. Июнь, июль, август — жай айлары.



**ь** (ичкертүү) белгиси катышкан сөздөрдү кайталап айтып көр.

**100-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, **ь** (ичкертүү) белгиси түшүп калган сөздөрдү таап, дептериңе көчүр.

1. Мектепте жаңы окуу жылы сентябрда башталат. 2. Иниме циркулду кантип колдонууну үйрөттүм. 3. Календарды белекке бердим. 4. Манзура эже медалдарын тагып жүрөт.



http://eduportal.uz



**101-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, **ъ** (ажыратуу) белгиси катышкан сөздөрдү туура жазууга жана айтууга үйрөн.

1. Болот экинчи подъездде онунчу батирде жашайт. 2. Поезддер разъездде токтошот.



## 31-сабак.
## БЫШЫКТООЧУ САБАК

### Эске сакта!

Кыргыз тилинде 36 тамга, 39 тыбыш бар. 36 тамгадан **ь** (ичкертүү) жана **ъ** (ажыратуу) белгилери тыбыш бербейт. 4 йоттошкон **е, ё, ю, я** тамгаларында тыбыштар кайталанып айтылат. Демек, 30 тамга калды. Эми 9 тыбышты ойлоп көрөлү. Биз созулма үндүүлөрдү өткөндө 6 созулма үндүү да тыбыш берет дегенбиз. Ошондой эле **г ( гы, ги) к (кы,ки) ж (ж, дж)** болуп 39 тыбыш келип чыгат.

http://eduportal.uz


**102-көнүгүү.** Текстти окуп, кара менен басылган сөздөрдү көчүрүп жазып, үндүү тыбыштардын астын бир, үнсүз тыбыштардын астын эки сыз.

## Зоопаркта

Биз зоопаркка бардык. Зоопаркта **төө куш, ылаачын,** бүркүт бар экен. Жапайы айбандардан түлкүнү, **аюуну,** карышкырды, арстанды, маймылды көрдүк. Бир **өркөчтүү** төөнүн жанында сүрөткө түштүк. Төрт **мүйүздүү** койду көрүп таң калдык.



Сен зоопаркка бардың беле? Ал жерден кандай жаныбарларды көрдүң?



https://eduportal.uz

**103-көнүгүү.** Үндүү жана үнсүз тыбыштар менен башталган сөздөрдү таап жаз. Аларга оозеки талдоо жүргүз.

Ү л г ү: Ай, а — үндүү, жоон үндүү, кыска үндүү, й — үнсүз, жумшак үнсүз.



**104-көнүгүү.** Үндүү тыбыштар менен башталган сөздөрдү биринчи сапка, үнсүз тыбыштар менен башталган сөздөрдү экинчи сапка жазып кел.

Демилге, тараза, алмурут, орундук, өчүргүч, суу, карандаш, мээнет, үмүт, алма, жылан, балык, ваза.



## 32-сабак. СӨЗ

### Эске сакта!

Сүйлөмдүн өз алдынча мааниге ээ болгон эң кичине бирдиги сөз деп аталат. Сөздөр тыбыштардан жасалат.

М и с а л ы: а, п, а — апа.

http://eduportal.uz

**105-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдүн аттарын таап жазып, маанисин түшүндүр.






**106-көнүгүү.** Табышмакты көчүрүп жаз. Жандырмагын тап.



Учуп чыкса асманга,
Шумкар сындуу байкалат.
Миң чакырым жерлерге,
Бир заматта алып барат.
Бирок жансыз, күчү мол,
Бул укмушту ким табат?



**107-көнүгүү.** Сөз таап, жазып кел.



## 33-сабак. БИР МААНИЛҮҮ ЖАНА КӨП МААНИЛҮҮ СӨЗДӨР

### Эске сакта!

Бир маанини билдирген сөздөр **бир маанилүү сөздөр** деп аталат. М и с а л ы : кайың, окуучу, китеп, мектеп.

http://eduportal.uz

Көп маанини билдирген сөздөр **көп маанилүү сөздөр** деп аталат. Мисалы: Жаз—мезгил, жаз—дептериңе жаз.

**108-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү көчүрүп жазып, бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөргө оозеки ажырат.

Күн, айлана, жер, нур, бала, сөйкө, өткүр, көлөкө, ручка, асман.

**109-көнүгүү.** **Күн** сөзүнүн маанилерине сүйлөм түз жана көчүрүп жаз.

Үлгү: **Күн** кызарып батты. Айылга үч **күн** дегенде жеттик.



**110-көнүгүү.** Көп маанилүү сөздөрдөн 4 сөз жазып кел.



## 34-сабак.

## ОКШОШ МААНИЛҮҮ СӨЗДӨР

### Эске сакта!

Айтылышы башка, бирок мааниси бирдей же бири-бирине өтө жакын

http://eduportal.uz

болгон сөздөр **окшош маанилүү сөздөр** деп аталат.

Мисалы: дос–курдаш, жолдош,
шамал–жел
чогулуш–жыйналыш
аксакал–карыя

**111-көнүгүү.** Сөздөрдүн окшош маанилерин таап жаз:

суук—муздак
чурка—
сулуу—
жакшы—
айтты—

кубануу—сүйүнүү
абышка—
үй—
ысык—
таттуу—

**112-көнүгүү.** **«Дос»** деген темада текст түзөбүз.

**113-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түз:

жумуш—иш
оору—бейтап
айыл—кыштак
сулуу—кооз



http://eduportal.uz



**114-көнүгүү.** Табышмактын жандырмагын тап. Окшош маанилүү сөздөрдү айтып бер.



Бышырса — **аш** болот,
Бышырбаса — куш болот.

Буту бар, **башы** бар,
Аркасында ташы бар.





## 35-сабак. СӨЗДӨРДҮН КАРШЫ МААНИЛЕРИ

### Эске сакта!

Бири-бирине карама-каршы маанide айтылган сөздөр **каршы маанидеги сөздөр** деп аталат.

Мисалы: чоң — кичине, жакшы — жаман

**115-көнүгүү.** Сөздөрдүн карама-каршы маанилерин таап жаз:

| | |
|---|---|
| кең — тар | улуу — кичүү |
| күн — | семиз — |
| бермек — | бас — |
| өйдө — | коюу — |

http://eduportal.uz

**116-көнүгүү.** Макалдарды окуп, каршы маанилеш сөздөрдү таап жаз.

Ачуу — душман, акыл — дос. Акылдуу бала — элпек, акылсыз бала — тентек. Жакшы окуучу мектепке шашат, жаман окуучу мектептен качат.



**117-көнүгүү.** Ырды көркөм окуп, каршы маанидеги сөздөрдү айтып бер.

## Тайталаш

Эртең десем — бүгүн дейт,
Токто десем — жүгүр дейт.
Ысык десем — муздак дейт,
Шаар десем — кыштак дейт.
Жайлоо десем — жака дейт,
Балык десем — бака дейт.
Узун десем — кыска дейт,
Ойгон десем — укта дейт.
Талашкандан чарчабас,
Мына ушундай тайталаш.





http://eduportal.uz

## 36-сабак.

# МАШЫГУУ САБАГЫ

**118-көнүгүү.** Сөздөрдүн окшош маанилерин таап жаз:

нур —
саят —
чоку —
оору —

**119-көнүгүү.** Сөздөрдүн каршы маанилерин тап:

жапыз — ...
кашаң — ...
баатыр — ...
уста — ...
жок — ...

кенен — ...
кара — ...
жуп — ...
жумшак — ...
ширин — ...

Колдонулуучу сөздөр: (бийик, күлүк, коркок, чоркок, бар, тар, ак, так, катуу, ачуу)



**120-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп кел.

Терең, тайыз, жакын, алыс, ачык, жабык.





http://eduportal.uz

# 37-сабак. МУУН

## Эске сакта!

Сөздөрдүн ыргак-ыргак менен айтылышы **муун** деп аталат

Бир сөздө канча үндүү болсо, ошончо муун болот.

Мисалы: көз, ба-кыт, те-ре-зе, о-куу-чу-лар

Созулма үндүүлөр (аа, ээ, оо, өө, уу, үү) бир гана муунду түзүшөт.

Мисалы: шаар, коон, күү, туу.

**121-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдүн аттарын атап, аларды муунга бөлүп жаз.







http://eduportal.uz

**122-көнүгүү.** Текстти окуп, ар бириңер төрттөн сөздү муундарга ажыратып жазып көрсөткүлө.

## Бакыттын күчүгү

Бакыттын күчүгү бар. Күчүгүнүн аты — Жолборс. Ал — кара күчүк. Бир күнү Жолборс үрүп жатты.

— Эй, Жолборс, сен эмне үчүн үрүп жатасың? — деди Бакыт. Анда күчүк минтип жооп берди:

— Мен үргөн жокмун. Мен ырдап жатам.



**123-көнүгүү.** Сөздөрдү муундарга бөлүп, жазып кел.

Теребел, кебез, алча, ашкана, кекилик, улар.



## 38-сабак. ТАШЫМАЛ

### Эске сакта!

Жазып бара жатканда сапка батпай калган бөлүгүн экинчи сапка муунга бөлүп ташуу. Ташымал

http://eduportal.uz

сызыкча (-) менен белгиленет. Бир муундан турган сөздөр ташылбайт. Созулма үндүүлөрдү бөлүп ташууга болбойт.

Мисалы: ки-тепкана же китепка-на, той-той, таш-таш, ай-ай, ак-ак, су-уну эмес суу-ну.

**124-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү муунга ажыратып жаз.

Баштык, тилек, калкан, базар, бал муздак, ширеңке, топ, бал, тамак.

**125-көнүгүү.** Текстти окуп, кара менен басылган сөздөрдү муунга бөлүп жаз.

## Манас

**Манас** — кыргыз элинин баатыры. Ал Ата **Мекенин** душмандардан коргогон. Манас эл **башкарган.** Эр жүрөк, **акылдуу**, күчтүү болгон.



http://eduportal.uz



**126-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн ичинен ташууга болбогон сөздөрдү көчүрүп, жазып кел.

Кымыз, араа, таан, тоо, сайма, даңк, чөп, сооп, мурас, кес, уук.



## 39-сабак. МАШЫГУУ САБАГЫ

**127-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорго жооп бер.

1. Муун деген эмне?
2. Кандай сөздөр муунга бөлүнбөйт?
3. Муунду кандай тыбыштар түзөт?
4. Сөздү качан ташууга болбойт?
5. Ташымал менен муундун айырмасы барбы?

**128-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз. Муунга бөлүнбөгөн сөздөрдү айтып бер.

1. Түнү Ай чыкты. 2. Кыш аяктап калды. 3. Өрт — тилсиз жоо. 4. Жол — узундан узун.

http://eduportal.uz



**129-көнүгүү.** Өзүң сөз таап, муунга бөлүп, жазып кел.



# 40-сабак. СҮЙЛӨМ

## Эске сакта!

Сүйлөм сөздөрдөн түзүлөт.
Сүйлөм бүткөн ойду билдирет.
Сүйлөмдөгү сөздөр өз ара байланышта болот.
Сүйлөм маанисине карай төрткө бөлүнөт:

Сүйлөм

Жай Суроолуу Илептүү Буйрук

**130-көнүгүү.** Сөздөрдүн ордун туура таап, сүйлөм түзүп жаз.

1. Өзбекстан, мекен, бейиш.
2. Келди, мандарин, атам, алып.
3. Отургуз, түп, көчөт, жыйырма.
4. Сууну, агын, булгаба.



http://eduportal.uz

**131-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түз.

Телевизор, жаңылык, жомок, дүкөн, сумка.

**132-көнүгүү.** Сүйлөмдүн аягын таап, чекит коюп жаз.

Чоң атам токсон жашта ал көптү билет Сапарбекке жомок айтып берет бизге тынчтык тилейт.

**133-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз. Сүйлөмдөр канча сөздөн турганын айтып бер.

Жаз келди. Жер бети көк чөпкө оролду. Биз сабактарыбызды кайталадык. Дем алышка тарадык. Атам тоодо мал багат.



**134-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна кашаанын ичинде берилген сөздөрдүн кайсынысын койсок болот?

1. Жайлоого боз үй ... (тиктик, курдук). 2. Чоң энем ... (бээни, уйду)

http://eduportal.uz

саап жатат. 3. Таң азанда короз (кыйкырды, сүйлөдү). 4. ... (сары, кызыл, көк) гүлдөр гүлдөдү.

## 41-сабак. МАШЫГУУ САБАГЫ

**135-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, маанисин түшүндүрүп бер.

1. Жай келди. 2. Сен тоого барасыңбы? 3. Гүлдөй бер — Өзбекстан! 4. Асан, китепти бер.

**136-көнүгүү.** Суроо маанисинде айтылган 4 сүйлөм түзүп, дептериңе көчүрүп жаз.



**137-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз. Кандай сүйлөм экенин айтып бер.

1. Сен үй тапшырмасын даярдадыңбы?
2. Мектепте мелдеш болот.
3. Жаз айларын билесиңби?
4. Нооруз майрамы кызыктуу болду.



http://eduportal.uz

## 42-сабак.

# КИМ? КИМДЕР? ДЕГЕН СУРООЛОРГО ЖООП БЕРГЕН СӨЗДӨР

### Эске сакта!

**Ким? кимдер?** деген суроолор адамдарга гана берилет. Бир адамга **ким?** эки же андан көп адамга **кимдер?** деген суроо берилет.

Мисалы: Ким? — Айнура, окуучу.
Кимдер? — кыздар, жумушчулар.

**138-көнүгүү.** Бул сөздөрдү салыштырып оку. **Ким? кимдер?** деген суроого кандай сөздөр жооп берерин түшүндүр. Көчүрүп жаз.

| **Ким?** | **Кимдер?** |
|---|---|
| бала | балдар |
| окуучу | окуучулар |
| киши | кишилер |
| мугалим | мугалимдер |
| дарыгер | дарыгерлер |



http://eduportal.uz





— Бул ким?
— Бул — ...

— Булар кимдер?
— Булар — ...

**139-көнүгүү**. Төмөнкү сөздөрдү ой жүгүртүп оку. Алардын ичинен **ким?** деген суроого жооп берген сөздөрдү таап айт.

Стол, мергенчи, устат, эшик, терезе, жазуучу, курдаш, тоо, Айдана, ырчы, Ныяз, Чыңгыз, таене.



**140-көнүгүү.** Үйдөн ата-энеңдин, бир тууганыңдын аттарын жаз. Ар бирине бирден сүйлөм түзүп, түшүндүр. Суроого жооп берип, жоопторун айт.

Үлгү: Асан, Улан, Айша, Бактыгүл ...

http://eduportal.uz

# 43-сабак. МАШЫГУУ САБАГЫ

**141-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү оку. Кара тамга менен басылган сөздөргө суроо берип, **ким?** деген суроого жооп берген сөздөрдү таап айт.

## Уйкучу Нуралы

**Айбек** быйыл беш жашка чыкты. **Нуралы** — анын байкеси. Ал 1-класс-та окуйт. **Нуралы** бүгүн уктап кал-ды. Ал эми сабактан кечигет. **Айбек** туруп, Нуралынын көйнөгүн, шымын, шапкесин кийди. Анан китепкабын алып, мектепке жөнөдү. Эшикти ачкан-да, **Нуралы** ойгонуп кетти.

— **Айбек**, сен каякка баратасың, эй, токто! — деди **Нуралы** аны көрүп.

— Мен сенин ордуңа мектепке бара-там, — деди **Айбек. Нуралы** инисине уят болду. (С. Казыбаев)

**142-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, **ким? кимдер?** деген суроого жооп берген сөздөрдү көчүрүп жаз.



http://eduportal.uz



## Ата Мекенибиз — Өзбекстан

Өзбекстан — эгемендүү республика. Республикабызда бир жүз отуздан ашык улуттун өкүлдөрү жашашат. Алар: кыргыздар, өзбектер, казактар, орустар, корейстер, дунгандар, түркмөндөр жана башкалар. Алардын баары тең укуктуу. 1991-жылдын 1-сентябры Өзбекстандын эгемендүүлүк күнү болуп калды. Аны ар жылы майрамдайбыз.

**143-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп кел.

Жумушчу, мугалим, Гүлзат, айдоочу, Атабек, уста.



http://eduportal.uz

# 44-сабак. ЭМНЕ? ЭМНЕЛЕР? ДЕГЕН СУРООГО ЖООП БЕРГЕН СӨЗДӨР



Бул эмне?



Бул эмне?




Булар эмнелер?

**Эмне? эмнелер?** деген суроолор кыргыз тилинде адамдан башка бардык жандуу, жансыз заттарга берилет.

| **Жандуу заттардын аты** | **Жансыз заттардын аты** |
|---|---|
| арстан, мышык, кескелдирик, чычкан, пил, аюу, карышкыр, жылан, акула, балык, музоо, козу, эчки, кенгуру, зебра, жөжө, томк, ак куу, каз, өрдөк. | калем, ручка, тамыр, жалбырак, стол, боёк, айнек, бутак, өрүк, таш, чөп, коон, чач, алма, телевизор, самолёт, поезд, машина ийне, жип, килем. |

http://eduportal.uz

**144-көнүгүү.** Ырды окуп, кара тамга менен жазылган сөздөрдү дептериңе көчүрүп жаз.

## Кимдер кайда укташат?

**Мамалактар** кайда?
Токойдогу чээнде.





**Каз-өрдөктүн** балдарычы?
Көк ирим суу жээгинде.

Кичинекей **кенгурулар**,
Чөнтөктөрдө укташат.





**Көпөлөктөр** көнүп калган,
Жалбыракка жашынып.

Кыр-кыр этип бала **мышык**,
Жумшак жаздык үстүндө.





http://eduportal.uz


Ойноймун деп сен алардын,
Уйкуларын бузбагын.



Кана **балам**, бүттү жомок,
Эми сен да уктагын.

**145-көнүгүү.** Сүрөттөргө карап, суроо бер да жооп иретинде бир нече сүйлөм түз.





Бул эмне? Булар эмнелер?

Үлгү: Бул — ....
Булар — ...



**146-көнүгүү.** Сүрөттөрдү карап, буюмдарды ата. Буларды кайдан көрөнсүң? Аларга суроо бер.











http://eduportal.uz

# 45-сабак. МАШЫГУУ САБАГЫ

**147-көнүгүү.** Текстти окуп, түшүнгөнүңдү айтып бер.

## Алия

Менин курдашым бар. Анын аты — Алия. Ал — казак кызы. Алия Алматы шаарында жашайт. 37-лицейде окуйт. Жакшы бийлейт, жакшы ырдайт. Анын үйү — 6-үй, 51-квартира. Менин атым — Салия. Экөөбүздүн атыбыз уйкаш.

## Табышмакты тап



Өзү үйдөй,
Кулагы каалгадай.

**148-көнүгүү.** Суроолорго тез-тез жооп берип мелдешкиле. Андан соң **эмне?** деген суроого жооп берген заттарды тапкыла.

## Буларды билесиңерби?

Кой — үй айбаны, а, түлкүчү?
Карышкыр — жапайы, а, итчи?
Таок — үй канаттуусу, а, ак куучу?
Карандаш менен эмне кылат?



http://eduportal.uz

Өчүргүч мененчи?
Ручка менен эмне кылат?
Чаң соргуч мененчи?
Трактор менен эмне кылат?
Самолёт мененчи?
Чалгы менен эмне кылат?
А, орок мененчи?
Соко менен эмне кылат?
А, мала мененчи?
Балка менен эмне кылат?
А, кычкач мененчи?



**149-көнүгүү.** Оку. Мекен жөнүндө дагы эмнелерди билесиң? Айтып бер.

Мен айылда жашайм. Биздин айыл — кичинекей кыштак. Ал «Достук» деп аталат. Ал — менин кичинекей гана мекеним. Мен бул кичинекей мекенимди сүйөм. «Достукта» менин ата-энем, бир туугандарым жана досторум турушат. Алар дагы өз мекенин сүйүшөт. Ооба, ар ким өз мекенин сүйөт. Ар кимге өз мекени кымбат.





http://eduportal.uz

## 46-сабак. СҮЙЛӨМДӨГҮ КАЙДА? КАЕРДЕ? ДЕГЕН СУРООЛОРГО ЖООП БЕРГЕН СӨЗДӨР

Окуянын каерде болгонун, адамдын, буюмдун каерде тургандыгын билиш үчүн **кайда? каерде?** деген суроолорду беребиз. Мисалы: **каерде?** — айылда, сууда, **кайда? каякка?** — шаарга, чөлгө.

Нерсенин жана кимдин каерде экендигин сөздөргө **-да, (-до, -де, -дү, -та, -то, -те)** деген мүчөсүн улантып айтабыз жана жазабыз.

**150-көнүгүү.** **Кайда?** деген суроого жооп берген сөздөрдү көчүрүп жаз.

### Ким каякка баратат?

Балык суугa баратат,
Калык тоого баратат.
Үстүнө үйүн көтөрүп,
Үлүл тойго келатат.
Таш баканын баласы,
Мектепке шашып баратат.

http://eduportal.uz

Ал мектепке жеткенче,
Күн кеч кирип, таң атат.



**151-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөргө мүчөлөрдү туура улантып, жазып көрсөт.

Бөлмө (-да, -дө, -дү, -де)
Илгич (-та, -те, -то, -тү)
Китеп (-та,- то, -тү, -те)
Кафе (-да, -до, -дү, -де)
Жайыт (-та, -то, -тү, -те)



## 47-сабак. МАШЫГУУ САБАГЫ

**152-көнүгүү.** Көчүрүп жаз. **Кайда? каерде?** деген суроолорго жооп берген сөздөрдү айтып бер.

1. Эжем шаарда иштейт.
2. Балык суuда жашайт.
3. Айгүл мектепке шашат.
4. Гүл текченин үстүндө турат.
5. Нурлан Чырчыкка кетти.
6. Койлор жайлоодо.

http://eduportal.uz

**153-көнүгүү.** Төмөнку сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түз.

Дандырда, айылда, чөлгө, тоого.



**154-көнүгүү.** Өзүң **кайда? каерде?** деген суроолорго жооп берген сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп кел.



## 48-сабак.
## КАНДАЙ? ДЕГЕН СУРООГО ЖООП БЕРҮҮЧҮ СӨЗДӨР

**155-көнүгүү.** Сүрөттөгүлөрдүн атын атап, аларга **кандай?** деген суроо берип, көчүрүп жаз.







**Кандай?** деген суроого кайсы сөздөр жооп берерин байкадыңбы?

Заттын өңү-түсүн, сапатын, даамын, формасын, көлөмүн билдирген сөздөр кандай? деген суроого жооп берет. Мисалы: Көк асман. Кандай асман? — көк.

http://eduportal.uz

# ЗАТТЫН БЕЛГИСИН КӨРСӨТКӨН СӨЗДӨР

| Өң-түс | Сапат | Даам | Форма |
|---|---|---|---|
| ак | жакшы | таттуу | сүйрү |
| көк | катуу | кычкыл | тоголок |
| жашыл | салкын | даамдуу | ийри |
| кызыл | сылык | туздуу | чарчы |



Заттар дагы кандай болорун эстечи?

**156-көнүгүү.** Көп чекиттердин ордуна тиешелүү сөздөрдү коюп көчүр.

1. Менин көйнөгүм ... . 2. Сенин ботинкең ... . 3. Сиздин үйүңүз ... . 4. Анын бөбөгү ... . 5. Биздин айыл ... .

Колдонулуучу сөздөр: чоң, кооз, бийик, кичинекей, көк.

**157-көнүгүү.** **Кандай?** деген суроого жооп берген сөздөрдүн астын сыз.

http://eduportal.uz

Кызыл күйсө токтой тур,
Сары күйсө күтө тур.
Жашыл күйсө өтөсүң,
Мына ушуну биле жүр.





**158-көнүгүү.** Буларды билип ал. Өзүң билген буюмдарды жана заттарды сыпаттап, үлгүгө карап жазып кел.

Ү л г ү: Кант таттуу, а, тузчу?
Туз шор, а, айранчы?
Айран кычкыл, а, суучу?
Суу супсак, ........

Дарбыз тоголок, а, коончу?
Коон сүйрү, а, саатчы?
Саат тегерек, а, китепчи?



## 49-сабак. МАШЫГУУ САБАГЫ

**159-көнүгүү**. Төмөнкү текстти окуп, **кандай?** деген суроого жооп берген сөздөрдү таап, дептериңе көчүр.

Бүгүн — дем алыш күнү. Биз базарга бардык. Эжеме жаңы көйнөк сатып алдык. Байкем ак калпак алды. Апам

http://eduportal.uz

чоң килемди жактырды. Мен кызыл таттуу алмаларды тандадым.

**160-көнүгүү.** Табышмактарды окуп, жандырмагын тапкыла. **Кандай?** деген суроого жооп берген сөздөр бар бекен?

Кардай аппак,
Балдай таттуу.

Жаздын көйнөгү — жашыл,
Кыштын чапаны — ак,
Күздүн күрмөсү — сары,
А жайдыкын тап.

**161-көнүгүү.** Сүрөттөргө карап, **кандай?** деген суроого жооп берген сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түз.





http://eduportal.uz



**162-көнүгүү.** Оку. **Кандай?** деген суроолорго жооп берген сөздөрдү таап, көчүрүп жаз.

1. Биз бийик тоого чыктык. Кооз жайларды көрдүк. Тоонун салкын абасы кандай сонун! Көңүлдүү эс алдык. Кызыл, сары, көк гүлдөрдү тердик. 2. Биздин класстын окуучулары тартиптүү. 3. Ташкент шаарында бийик-бийик үйлөр курулууда.



## 50-сабак. КАНЧА? НЕЧЕ? ДЕГЕН СУРООЛОРГО ЖООП БЕРГЕН СӨЗДӨР

Заттын санын, эсебин билдирген сөздөр **канча? нече?** деген суроолорго жооп берет. Мисалы: Он, беш, жүз—канча?

**163-көнүгүү.** Текстти көчүрүп жаз. Сандарды билдирген сөздөрдү айтып бер.

Бир жылда он эки ай бар. Февраль айы жыйырма сегиз же жыйырма

http://eduportal.uz

тогуз күндөн жаңырат. Бүгүн — он экинчи май.

**164-көнүгүү.** Тексттен **канча? нече?** деген суроого жооп берген сөздөрдү тап.

Бала жети-сегиз жашка келгенде алдыңкы сүт тиштери түбөлүктүү тиштер менен алмашат. Адамдын 32 түбөлүктүү тиши болот.

**165-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдөн **канча? нече?** деген суроого жооп берген сөздөрдү таап жаз.

Алты, үй, музоо, сегиз, эки, алтын, эт, он, жүз, ашкабак, кырк.



**166-көнүгүү.** Сүрөткө карата 4 сүйлөм түзүп, дептериңе жазып кел.





http://eduportal.uz

## 51-сабак. МАШЫГУУ САБАГЫ

**167-көнүгүү.** Окуп, эмне жакканын түшүндүр.

### Эмне үчүн?

— Эмне үчүн адамда эки кол, эки бут бар?

— Көбүрөөк эмгектенсин үчүн.

— Эмне үчүн адамда эки кулак, эки көз бар?

— Жаңылбай көрүп, даана угуш үчүн.

— Эмне үчүн бир гана ооз бар?

— Азыраак жеп, азыраак сүйлөсүн үчүн.

— Эмне үчүн бир гана баш бар?

— Башкага ишенбей, өз башы менен ойлонсун үчүн.

**168-көнүгүү.** Мында кандай сөздөр бар? Ойлонуп тап.

Э . и, сек . ен, кыр . , ү . , э . үү, бе . , се . из, то . . он, жы . ыр . а.

http://eduportal.uz

**169-көнүгүү.** Макалды окуп түшүн да, жазып ал.

Кыздын кырк чачы улуу.
Жети өлчөп, бир кес.

Коркокко бир ок — көп,
Баатырга миң ок — аз.

Билими күчтүү миңди жыгат,
Билеги жоон бирди жыгат.

Биринчи байлык — ден соолук.



**170-көнүгүү.** Жаңылмачты көчүрүп жазып, жаңылбай айтууга үйрөн.

Беш кашка кой,
Бешөө беш башка кой.

Кырк кыл куйрук,
Кырк кыл куйрук ичинде,
Кыргый кызыл кыл куйрук.



http://eduportal.uz

# 52-сабак.
# ЭМНЕ КЫЛДЫ? ЭМНЕ КЫЛАТ? ЭМНЕ КЫЛЫП ЖАТАТ? ДЕГЕН СУРООЛОРГО ЖООП БЕРГЕН СӨЗДӨР

**171-көнүгүү.** Сүрөткө карап, аңгеме түз. Андан кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тап.



## Эске сакта!

Заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөр **эмне кылды? эмне кылат? эмне кылып жатат?** деген суроолорго жооп берет. Мисалы: бийледи, чуркады, жазып жатат, иштеп жатат.



http://eduportal.uz

**172-көнүгүү.** Сөздөрдү салыштырып оку жана аларды дептериңе көчүрүп жаз.

| **Эмне кылып жатат?** | **Эмне кылды?** |
|---|---|
| Машина жүрүп бара жатат. | Машина жүрдү. |
| Чай кайнап жатат. | Чай кайнады. |
| Күн тийип турат. | Күн тийди. |
| Жамгыр жаап жатат. | Жамгыр жаады. |

**173-көнүгүү.** Текстти оку. **Эмне кылды?** деген суроого жооп берген сөздөрү бар сүйлөмдөрдү жаз. Суроо бер.

## Короз менен көгүчкөн

— Эй , — деди  аны жактырбай. — Сен мында эмне жүрөсүң?

— Конокко келдим, — деди .

Күн суук болгондуктан анын карды ачып калган эле.

http://eduportal.uz

 анын сөзүн укпады, сыйлабады, бир тоголок жем бербеди.

 көгүчкөнгө бир кочуш жем берди.

— Сени кишилер эмне үчүн жакшы көрүшөт? — деди 

Чын эле эмне үчүн  жакшы көрөбүз?



## 53-сабак.

## МАШЫГУУ САБАГЫ

**174-көнүгүү.** Аңгемени оку. Кыймыл-аракетти билдирген сөздөр барбы?

### Кер күчүк



Кер күчүк чебеленип үрүп жатты.

— Эй, сен эмнеге үрүп жатасың? — деди бала.

— Кошунанын кара күчүгүнө, — деди ал.

http://eduportal.uz

Эртеси кер күчүк каалганын түбүндө коркуп, бүрүшүп жатты.

— Эй, Кер күчүк! Сен кимден коркуп жатасың? — деди бала.

— Кошунанын көк дөбөтүнөн... — деди ал.

С. Рысбаев

**175-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түз.

Ырдады, бышырып жатат, окуйт, көгөрдү, ойноп жатышат, уктады.

**176-көнүгүү.** Сүрөткө карап, төрт сүйлөм түз.





**177-көнүгүү.** Кыймыл-аракетти билдирген сөздөр барбы?



http://eduportal.uz

Жаз келди. Байчечекей чыкты. Куштар сайрап жатышат. Жамгыр жаады. Биз топ ойнодук.



**178-көнүгүү.** Бул канаттуулардын сайрашын таап, ордуна коюп, жазып кел.

Карга — шакылыктайт.
Сагызган — кыйкырат.
Булбул — каркылдайт.
Короз — сайрайт.



## 54-сабак.

## КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИН КАЧАН БОЛГОНУН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР


**179-көнүгүү.** **Качан?** деген суроого жооп берген сөздөр бар бекен?

— Жыпар, сен ишемби күнү эмне кылдың?
— Ишемби күнү мектепке бардым.
— А жекшемби күнүчү?
— Жекшемби күнү тоого бардым.

http://eduportal.uz

**180-көнүгүү.** Мараттын качан, эмне кылганын саатка карата айтып бер.

Үлгү: Марат эртең менен саат $7^{30}$ да ойгонду.





Балдар, өзүңөрдүн да күндөлүк иш-аракетиңерди саатка карата айтып берүүгө даяр тургула.

## Эске сакта!

Заттын кыймыл-аракетти аткарган убакытын билүү үчүн **качан?** деген суроо беребиз.

http://eduportal.uz

**181-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түз.

Кечинде, кийинки жылы, мартта, майрамда, эрте менен.



**182-көнүгүү.** Ырдагы көп чекиттин ордуна баланын канчага чыккан жылдарын коюп толуктап, төрт сабын жазып кел.

## Балалык

... жашында билбеген,
...жашар болгондо
Энесине эркелеп,
Ыйлап жүргөн балалык.
... кө жашы толгондо
Үйдүн ичин чаңытып,
... көтөрчү жини бар.
...кө жашы барганда,
Таңга маал торгойдой,
Сайрап турган балалык.
...ке жашы барганда,
Аккан сууну бойлошот
Кой дегенге болбостон,
Балчык кечип ойношот.

Жеңижок

http://eduportal.uz

(Пайдалануучу сөздөр: бир, эки, үч, төрт, беш).



Өзүңдүн канча жашыңда, кандай жоруктарды жасаганыңды эстеп, айтып бер.

## 55-сабак. МАШЫГУУ САБАГЫ

**183-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз. **Качан?** деген суроого жооп берген сөздөрдү айтып бер.

1. Атам жумуштан кечинде келет. 2. Эртең менен жамгыр жаады. 3. Биз жума күнү саякатка бардык. 4. Бак-дарактар жазында гүлдөйт.

**184-көнүгүү.** Сүрөттөргө карап, сүйлөм түз.







http://eduportal.uz

**185-көнүгүү.** Ырды жатта. Суроолорго жооп бер.

## Жамгыр ыры

Мен жамгырмын, жамгырмын,
Булутумдан айрылдым.
Жерди көздөй куланам,
Жерге чөптү чыгарам.
Жаап, жаап басылам,
Бермет болуп чачылам.

Т. Самудинов



1. Бул ыр кайсы мезгилге арналган?
2. Жамгыр качан жаайт?



**186-көнүгүү.** Табышмактын жандырмагын таап, көчүрүп жаз. **Качан?** деген суроого жооп берген сөздөрдү айтып бер.



Таңда туруп, кечте жатат,
Күлүп чыгып, күйүп батат.

http://eduportal.uz

Түндө бар, күндүз жок,
Асманда бар, жерде жок.





Кеч киргенде жарк этип,
Жарык кылат үйүңдү.
Элестете албайсың,
Ансыз өткөн күнүңдү.



## 56-сабак.
## БЫШЫКТОО САБАГЫ

**187-көнүгүү.** Бул сөздөрдүн кайсынысында созулма үндүүлөр бар? Ойлонуп, айтып берчи.

Талаа, тараза, туу, өрдөк, күү, отургуч, ээр, кол чатыр, өгөө.

**188-көнүгүү.** Сөздөрдү кантип муунга бөлчү элек? Муунга бөлүп, көчүрүп жаз. Эстечи.

Өрүк, жүзүм, алма, булут, көйнөк, китеп, терезе.

http://eduportal.uz

**189-көнүгүү.** Оку. Бир муунда катар айтылган үнсүздөрдү таап, оозеки ажырат.

1. Биз класстагы столдорду, стулдарды боёдук. 2. Чагылган жарк-журк эткенде, биз селт эте түштүк. 3. Арстан, жолборс — жырткыч айбандар. 4. Мен спорт ийримине катыштым.



**190-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, сөздөрдү тамга жана тыбышка ажырат.

Ак куулар, суур, тазалык, өрт, тоодак.



## 57-сабак.

## МАШЫГУУ САБАГЫ

**191-көнүгүү.** Кел, төмөнкү суроолорго **ким?** деген суроого жооп берген сөздөрдөн пайдаланып, жооп жаз.

Сен мага көйнөк сатып берчи?
Сиздин ден соолугуңуз жакшыбы?

http://eduportal.uz

Сага жардам берейинби?
Ким тоого чыкты?

**192-көнүгүү.** Сылык түрүндө кайрылганда, бул сөздөр кантип өзгөрүп айтыларын байка жана дептериңе көчүрүп жаз. Үлгү боюнча оозеки сүйлөмдөр түз:

| | |
|---|---|
| кел — келиңиз | отур — отуруңуз |
| ал — | оку — |
| тур — | жаз — |
| жүр — | ич — |

Ү л г ү: Чоң эне, келиңиз төргө өтүңүз.



**193-көнүгүү.** Сүрөттөргө карап, өз алдыңча сүйлөм түзүп жаз.





http://eduportal.uz





## 58—60 сабактар.
## ЖЫЛ БОЮНЧА ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

**194-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү алфавит тартиби боюнча көчүрүп жаз.

Ваза, камыш, музоо, балаты, алтын, данек, терек, гүлдесте, өрүк, пияз, роза, эгин, шырдак, юбка, чыны, енот.

**195-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, кара тамга менен басылган сөздөрдү тамга жана тыбышка ажыратып, айтып бер.

http://eduportal.uz

1. Биздин үй **тоого** жакын.
2. Мен көпөлөктүн **сүрөтүн** тарттым.
3. **Ак куулар** сууда сүзүшөт.
4. Биздин жердин **табияты** —кооз.



**196-көнүгүү.** Жаныбарлардын аттарын алфавит тартиби боюнча жазып кел.



**197-көнүгүү.** Баш тамга менен башталган сөздөрдү таап, 4—5 сөз жаз.

**198-көнүгүү.** Ырды окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдү көчүрүп жазып, үндүү, үнсүз тыбыштарга ажырат.

## Данек

Кичинекей данекти,
Ким дүйнөгө жаратты?



http://eduportal.uz

— **Бак.**
Бак бутагын силкинтип,
Ким туш-тушка таратты?
— **Жел.**
Ал данекти агызып,
Ким качырып баратты?
— **Жер.**
Ал данекти кайрадан,
Ким даракка айлантты?
— **Күн.**



**199-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдөн үндүү тыбыш менен башталган сөздөрдү биринчи сапка, үнсүз тыбыш менен башталган сөздөрдү экинчи сапка көчүрүп жаз.

Бөкө, ышкырык, шакек, аянт, улак, тамсил, нота, жүгөрү, осмо, ийне, эшик, чака, музоо, жазып кел.



**200-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түз.

Чолпон, коңгуроо, лимон, өтүк, Үсөн.

http://eduportal.uz

**201-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, кандай мааниде айтылганын айтып бер.

1. Сен канча жаштасың?
2. Өмүрбектин туулган күнү болду.
3. Ишен, арабаны алып кел!
4. Окуу жылы аяктады.
5. Аскат, жайлоого барасыңбы?



**202-көнүгүү.** Макалдарды көчүрүп жазып, жаттап ал.

1. Тааныбасты сыйлабас.
2. Жылуу сөзгө жылан ийнинен чыгат.
3. Адеп башы — сөз.
4. Сөз билбеген муштуму менен коркутат.
5. Күч кетет, билим кетпейт.

**203-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, кара менен басылган сөздөргө суроо бер.

http://eduportal.uz

1. **Чоң энем** чепкен тикти.
2. **Толгонай** жакшы окуйт.
3. Таргыл **мышык** уктап жатат.
4. **Каныбек** куштарга уя жасады.

**204-көнүгүү.** Сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түз. Бул сөздөргө суроо бер.

Сылык, меймандос, үлгүлүү, сулуу, сүйрү, бийик.

**205-көнүгүү.** Сүрөткө карата оозеки сүйлөм түз. Суроолорго жооп бер.





1. Тоодо эмне бар?
2. Кандай жаныбарлар жашайт?

Сүрөт тартып, билгениңди, көргөнүңдү айт.



**206-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, **качан?** деген суроого жооп берген сөздөрдү айтып бер.

Жакында жайкы каникулга чыктык. Мен каникулда айылга бардым. Айылда беш күн болдум. Айылдан кечээ, жекшембиде келдим.

**207-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдөн сүйлөм түз.

Сүйөт, Айнура, ойногонду, топ.

**208-көнүгүү.** Сөздөрдөгү үндүү тыбыштардын астын сыз.

Ташкент — көрктүү шаар. Саид Ахмад — өзбек элинин көрүнүктүү жазуучусу.

http://eduportal.uz

**209-көнүгүү.** Сөздөрдү муундарга ажырат.

Бала, кагаз, машина, өтүк, жоолук, окуучу, дыйкан, терезе.

**210-көнүгүү.** Келгиле ойнойлу. Йоттошкон тамгалар катышкан сөздөрдү таап, улап айтып, «Чынжыр» оюнун ойногула.

Ү л г ү: таят — таяк — кыяк — коёт — тоют —...

**211-көнүгүү.** Ырды окуп, көчүрүп жаз. **Качан?** деген суроого жооп берген сөздөрдү айтып бер.

## Үкү

Аңыздарды өтө бат,
Зыянкечтен тазалап.
Көзү шумдук чоң туруп,
Жарык көрсө качаанак,
Күндүз учпай, түндө учат.

*«Байчечекей» журналынан.*

http://eduportal.uz

**212-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү тууралап жаз.

Өкөө, бүрөө, жыйырма, мусоо, ашты, чашты, комус, ава райы, бойок.

Ү л г ү: экөө, ...

**213-көнүгүү.** Төмөнкү сүрөткө карата төрт сүйлөм түз жана анда жумшак үнсүздөр катышсын.



http://eduportal.uz

# МАЗМУНУ

Аппак кар ........................................ 3
Кыргыз алфавити ................................. 4
Тыбыш жана тамга ................................ 7
Баш тамга ....................................... 13
Энчилүү аттар ................................... 14
Үндүү жана үнсүз тыбыштар ....................... 17
Үндүү тыбыштар .................................. 18
Кыска үндүүлөр .................................. 20
Жоон үндүүлөр ................................... 21
Ичке үндүүлөр ................................... 24
Э (е) тыбышынын жазылышы ........................ 26
Созулма үндүүлөр ................................ 28
Үнсүз тыбыштар .................................. 33
Жумшак жана каткалаң үнсүздөр ................... 35
К (кы, ки), г (гы, ги), ж (ж, дж)
тыбыштары ....................................... 37
Түгөйлүү үнсүз б-п, д-т, в-ф
тыбыштары ....................................... 41
Түгөйлүү үнсүз з-с, ж-ш, г-к
тыбыштары ....................................... 42

http://eduportal.uz

Түгөйсүз үнсүздөр ........................................ 47
Йоттошкон тамгалар:...................................... 50
ь (ичкертүү) жана ъ (ажыратуу)
белгилери ................................................ 52
Сөз ............................................................ 56
Бир маанилүү жана көп маанилүү
сөздөр ........................................................ 57
Окшош маанилүү сөздөр ............................ 58
Сөздөрдүн каршы маанилери ...................... 60
Муун .......................................................... 63
Ташымал .................................................... 64
Сүйлөм........................................................ 67
Ким? кимдер? деген суроолорго
жооп берген сөздөр .................................... 70
Эмне? эмнелер? деген суроого
жооп берген сөздөр .................................... 74
Сүйлөмдөгү кайда? каерде? деген
суроолорго жооп берген
сөздөр ........................................................ 79
Кандай? деген суроого жооп
берүүчү сөздөр .......................................... 81
Заттын белгисин көрсөткөн
сөздөр ........................................................ 82

http://eduportal.uz

Канча? нече? деген суроолорго
жооп берген сөздөр ........................... 85
Эмне кылды? эмне кылат?
эмне кылып жатат? деген
суроолорго жооп берген сөздөр .............. 89
Кыймыл-аракеттин качан болгонун
билдирген сөздөр .................................. 93
Бышыктоо сабагы .................................... 98
Жыл боюнча өтүлгөндөрдү
кайталоо ................................................ 101

**Юнусалиева, А.**

Т49 **Эне тили:** Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 1-класстары үчүн окуу китеби/А.Юнусалиева, А.Тойчубаева. — 9-басылышы.— Т.: «O‘zbekiston», 2019.—112 б.

I. Тойчубаева, А.

ISBN 978-9943-01-043-7

**УЎК 821.512.154(075)**
**372.881.1**
**КБК 81.2 Кир-9**

*O‘quv nashri*

**Abiba Yunusaliyeva, Aysulu Toychubayeva**

**ONA TILI**

Ta’lim qirg‘iz tilida olib boriladigan umumiy o‘rta ta’lim maktablarining
1-sinf o‘quvchilari uchun darslik

(*Qirg‘iz tilida*)

To‘qqizinchi nashri

Original-maket «O‘zbekiston» nashriyot-matbaa ijodiy uyida tayyorlandi.
100011, Toshkent, Navoiy ko‘chasi, 30.

Сүрөтчүлөр: *Р. Эгамбердиев, И. Холхужаев, Б. Мухамедов*
Редактору *Р. Жуманазарова*
Көркөм редактору *К. Закирова*
Техн. редактору *Б. Каримов*
Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

Басманын лицензиясы AI №158. 14.08.09.
2019-жылы 23-январда басууга уруксат этилди. Форматы $70\times90^1/_{16}$.
Офсеттик кагаз. Арип түрү «Прагматика». Офсеттик басма.
Шарттуу басма табагы 8,19. Учёттук басма табагы 8,50.
Нускасы 838. Келишим № 429.

«Sharq» басма-полиграфиялык акционердик компаниясынын
басмаканасында басылды. 100000. Ташкент шаары,
Буюк Турон көчөсү, 41.

http://eduportal.uz